УДК: 81.367 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-502-510

Саматов К.
филология илимдерин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
samatov1952@mail.ru

СИМВОЛ ЖАНА КВАЗИСИМВОЛ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА

Аннотация. Бул макалада кыргыз поэзиясындагы түс символдору жана түс квазисимволдору белгилүү акындардын ырларынын негизинде иликтенет. Теманын актуалдуулугу түс символу менен түс квазисимволдорунун филологиялык аспектте изилденбегендиги менен түшүндүрүлөт. *Символ* - табиятынын белги үчүн алынган образ, ал образдын чектүүлүгү жана түгөнгүс көп маанилүүлүгү менен айрымаланат. *Квазисимвол* - тилдик бирдиктердин маданий коннотацияларынын негизинде жаралган аралык, лингвомаданий системанын элементи. Реципиент түс символдору менен түс квазисимволдорун кабылдап, бу же тиги эмоциялык-эстетикалык маанайларды башынан кечирет.

Макалада Б.Алыкулов, А. Үсөнбаев, Т.Кожомбердиев, С.Жигитов жана О.Султановдун поэзиялык чыгармаларындагы символдордун, айрыкча квазисимволдордун семалары илимий методдордун жардамы аркылуу ар тараптан иликтенип, тийиштүү жыйынтыктар чыгарылды. Макаладагы жыйынтыктар кыргыз тилиндеги көркөм-адабий чыгармалардагы символ жана квазисимволдорду илимий иликтөөгө белгилүү даражада салым кошот жана аларды окутууга жардам берет.

Негизги сөздөр: Символ, квазисимвол, маданий коннотация, поэзиялык чыгарма, маданияттын тили, маданий-улуттук интерпретация, маданий-улуттук символдор.

Саматов К.
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
samatov1952@mail.ru

СИМВОЛ И КВАЗИСИМВОЛ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ

Аннотация. В данной статье исследуются цветовые символы и цветовые квазисимволы в кыргызской поэзии на примере стихов известных поэтов. Актуальность темы обусловлена тем, что цветовые символы и цветовые квазисимволы до сих пор не изучались с филологической точки зрения. Символ — это образ, взятый по своей природе как знак, отличающийся конечностью образа и бесконечной множественностью значений. Квазисимвол – это элемент дистантной, лингвокультурной системы, созданной на основе культурных коннотаций языковых единиц. Реципиент, воспринимая цветовые символы и цветовые квазисимволы, испытывает определенные эмоционально-эстетические настроения.

В статье комплексно исследованы семы символов, особенно квазисимволов, в поэтических произведениях Б. Алыкулова, А. Усенбаева, Т. Кожомбердиева, С. Жигитова и О. Султанова с использованием научных методов, и сделаны соответствующие выводы. Результаты статьи вносят определенный вклад в научное изучение символов и квазисимволов в литературных произведениях на кыргызском языке и помогают в их преподавании.

Ключевые слова: Символ, квазисимвол, культурная коннотация, поэтическое произведение, язык культуры, культурно-национальная интерпретация, культурно-национальные символы.

K. Samatov
Professor, Doctor of Philological Sciences
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
samatov1952@mail.ru

SYMBOL AND QUASISYMBOL IN KYRGYZ POETRY

Abstract. This article examines color symbols and color quasi-symbols in Kyrgyz poetry using the works of prominent poets as examples. The relevance of the topic lies in the fact that color symbols and color quasi-symbols have not yet been studied from a philological perspective. A symbol is an image considered in terms of its sign-based nature, a sign characterized by the finiteness of the image and the inexhaustible multiplicity of meanings. A quasi-symbol is an element of a distant linguocultural system formed on the basis of cultural connotations of linguistic units. When perceiving color symbols and color quasi-symbols, the recipient experiences specific emotional and aesthetic responses.The article provides a comprehensive study of the semes of symbols, particularly quasi-symbols, in the poetic works of B. Alykulov, A. Usenbaev, T. Kozhomberdiev, S. Zhigitov, and O. Sultanov through scientific methods, and draws relevant conclusions. The findings of the article contribute to the scholarly study of symbols and quasi-symbols in literary works in the Kyrgyz language and assist in their teaching.

Keywords: Symbol, quasi-symbol, cultural connotation, poetic work, language of culture, cultural-national interpretation, cultural-national symbols.

Иликтөөнүн объекти – кыргыз поэзиясындагы символ жана квазисимвол.

Иликтөөнүн предмети – символ жана квазисимволдорду камтыган поэзиялык ырлар.

Иликтөөнүн максаты – кыргыз поэзиясындагы символ жана квазисимволдорду лингвистикалык жана маданият таануучулук аспектте изилдөө, алардын маданий-улуттук өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

Методологиялык негиздери: А.Ф. Лосев, Ю. Д. Апресян, В. Н. Телия, В.А. Маслова, А. Е. Бочкарев, Г. В. Токарев, Л.С. Баешко, Джек Тресиддер ж.б. лингвисттердин жана лингвокультурологдордун илимий эмгектери.

Иликтөө методдору: сыпаттоо, анализ, синтез, компоненттик анализ ж.б.

Аталган темага тикелей кирбей, лингвистика менен маданият таануунун карым-катнашына кайрылуудан мурда тил илиминдеги парадигмалар тууралуу учкай сөз кылуу максатка ылайыктуу. Өткөн кылымдын токсонунчу жылдары лингвистиканы негизги принцибине айланган антропоцентризм бул жаатагы илимий изилдөөлөрдүн чөйрөсүнүн

кеңейтти, горизонтторун бийиктетти. Ушулардан улам психолингвистика, этнолингвистика, маданий лингвистика (лингвокультурология) жана прагмалингвистика сыяктуу бир нече когнициялык багыттагы тармактар жаралды [1, 12 б].

Тилге полипарадигматикалык (салыштырма-тарыхый, структуралык, антропологиялык парадигмалар) мамиле жасалып, жаңы парадигма менен катар эле эскилер да жашоосун улантууда, ар бир жаңы парадигма мурункусун жокко чыгарбай, өзүнүн жетишкендиктерин активдүү пайдаланып, тилдин эски парадигмада изилденбеген аспектилерине көңүл бурууда. [1, 16 б]. Лингвистикадагы жаңы парадигма аталган илим жаатында тил менен маданияттын синхрондук кесилишиндеги интеракцисын иликтеген синкреттик тармагыкты - лингвомаданият таануунун негиздеди. Илимдин эки тармагынын тыгыз байланышынын жыйынтыгы экөөнүн ортосундагы орток лингвомаданият деңгелди калыптандырды. Семиотиканын мыйзамдарына ылайык, мындай белги топтомдорунун бирдиктери бир чөйрөдө түзүлүп, экинчи чөйрөдө кызмат кылат. Бир система экинчиси үчүн туюнтуу планына айланат. Ошентип, жеке сөздөр жана фразеологиялык бирдиктер вербалдык бирдиктердин негизги, номинациялык кызматын кыскартуу фонунда маданий белги катары иштей баштайт. Бул белгилер лингвомаданий системаны түзүп, айрым вербалдык элементтер маданий жактарды туюндуруу милдетин өзүнө алышты [2, 6 б].

Эми темага кайрылып, *символ* жана *квазисимвол* жөнүндө сөз козгойлу.

Символ (грекче. simbolon) өзүнүн белги табиятынын аспектисинде алынган образ, ал образдын чектүүлүгү жана түгөнгүс көп маанилүүлүгү менен айрымаланган белгиси. Предметтик образ жана терең маани символдун түзүлүшүндө бири-биринен ажырагыс эки уюл катары көрүнөт [3, 607 б]. А.Ф. Лосев символ тууралуу мынтип жазган: «*История символа поражает постоянным наличием в нем именно трех моментов: живого чувственного созерцания, абстрактного мышления и человеческой практики, творчески переделывающей самое действительность*» [4, 250 б.].

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдоруна мамлекеттик *туу, герб* жана *гимн* кирет. *Ак калпак* күнү официалдуу эмес түрдө 2011-жылы майрамдала баштап, Жогорку Кенештин 2016-жылдын 29 - июнундагы № 825-VI токтому менен расмий статус алган. *Ак калпак* - тоолордун жана тазалыктын символу. «Ак калпак» аттуу ыр да бар. Ак калпактын кыюусунун түсү символдук мааниге ээ: *жашыл* - жаштык, бойго жете электик; *кызыл* - бойго жеткендик; *кара* – үй-бүлөлүүлүк. Ар жыл сайын 5-март - *Ак калпак* күнү катары белгиленет. 2025-жылы *Ак илбирс* КРдин улуттук символдорунун бири катары расмий бекитилди жана ал мамлекетибиздин күчүн, эркиндигин жана руханий улуулугун чагылдырат. *Илбирс* жырткыч жаныбарынын түсү табиятынан чаар. Жүндүн жалпы түсү күрөң-боз, арткы жана үстүнкү капталдары ачык боз же бозомук, дээрлик ак, көгүш жалтырак. Астыңкы капталдары, курсагы жана буттарынын ички бөлүктөрү арткы бөлүгүнө караганда ачыгыраак. Шакек сымал чачыраган тактардын ичинде кара же кочкул боз түстөгү кичинекей тактар бар. *Илбирс* орус тилинде *белый барс, снежный барс* – деп атала берет. Кыргыз тилиндеги *ак илбирс* орус тилинен калькаланган же ал курсагынын ак түсү боюнча номинацияланган.

Обондуу ырлардагы «Сулайман тоо – Оштун символу, Мажүрүм тал - Оштун символу» аттуу саптар Сулайман тоо менен мажүрүм талды элдик аң-сезимде Ош шаарынын символдоруна айлантууда.

Дүйнө элдеринин маданияттарындагы символдор жеткиликтүү деңгелде иликтенген жана алар тууралуу маалымат намелер көп [5-6].

Орус тил илиминде *коннотация* кубулушу Ю. Д. Апресян, В. Н. Телия, Н. Г. Комлев, З.

Д. Попова, И. А. Стернин ж.б. илимпоздор тарабынан терең изилденген. А. Е. Бочкаревдун ою боюнча, *коннотация* - маанинин сигнификативдик аспектин ар кыл семалар менен «толуктаган» каражаттар, коннотация денотацияга каршы коюлуп, экинчи номинация менен байланыштырылат [7, 122-123 бб.]. В.Н. Телия коннотациялар негизинен каймана маанилерде жаралат десе, [8, 238-269 бб.], Ю.Д. Апресян алар сөздөрдүн негизги же баштапкы маанилерин мүнөздөп, каймана маанилерде ишке ашарын белгилейт [9, 156-177 бб.]. Г. В. Токаревдин ою боюнча, эки илимпоздун пикирлери бири-бирин толуктайт [10, 9]. *Квазисимвол* тилдик бирдиктердин маданий коннотацияларынын негизинде калыптанат. Ал - тил менен маданияттын өз ара тыгыз аракеттенүүсү аркылуу жаралган аралык, лингвомаданий системанын элементи. Символ - бул идеяны императивдик түрдө билдирген маданий белги. Квазисимвол – сөздүк мүнөзгө ээ символдордун бир түрү [10, 5]. Албетте, квазисимволдор маданий символдордун бир түрү болуу менен, алардан белгилик табияты аркылуу айрымаланат. Чыныгы символдордон (предмет, артефакт, айбанат ж.б.) өзгөчөлөнүп, тилдик символдор тилдик мазмунду символдук милдет аткарууга алып келет. Бул жаатта *маданияттын тили* (иштеле элек), *маданий коннотация, маданий-улуттук интерпретация, маданий-улуттук символдор* өңдүү жаңы терминдер жаралды.

Адатта көркөм чыгармаларда өң-түс сөздөрү квазисимволдордук милдетти көп аткарышат. Бул биздин эмгектерибизде ар тараптан кеңири иликтенген [11-12]. Бул макалада кыргыз акындарынын чыгармаларына таянуу менен, иликтөө ишибизди алга жылдырабыз. Алгач белгилүү акын Турар Кожомбердиевдин *«Түстүү парда»* аттуу ырына кайрылалы.

Жазганып…
Из калтырдык жаңы карда,
Жаштыктай
Жарашыктуу *жашыл парда.*

Жаркылдап жетип бардым,
Жалын барда,
Жалбырттап
терезеңде,
Кызыл парда.

Сагынып
Учуп жеттим убак тарда
Салбырап терезеңде,
Сары парда.
Калтырап
карап турдум,
бороон-карда
Караан жок…
терезеңде
кара парда… [13, 239 б].

Жашыл – жаздагы жанданган жаратылыштын, жалындаган жаштыктын жана мол түшүмдүн түсү. Жашыл - өнүгүүнүн, көктөмдүн түсү. Ушундан улам бул түс романтикалык маанай тартуулайт. Жашыл түстөгү өсүмдүктөрдүн жагымдуу жыты адатта синестезиялык

кубулушту да жаратышы мүмкүн, б.а., алыстагы жашыл майсаң жагымдуу жытты кабарласа, жашыл атыр жашыл талааларды элестетет. Акындын көркөм дүйнө таанымында *жашыл* – албуут жаштыктын түсү. Адегенде арзышып калган кыз менен жигиттин жаңы карда – макабат майданындагы из калтырышы кабарланат. Жигиттин жалындуу жаштык маалында сүйгөн кызынын үйүнө барып, кыздын да арзып калганы салттуу арзуу квазисимволу - *кызыл парда* аркылуу сыпатталат. Жигиттин убакыттын тардыгына карабай, сагынычтын айынан кыздын үйүнө учуп жетип, сагынчтын, саргаюунун, арзуу азабынын символун – *сары парданы* көрүшү сүйүү сезиминин улам тереңдеп бараткандыгын чагылдырат. Ырда романтикалык сүйүү трагедия менен аяктайт. Бороон-карда калтырап турган жигит караан таппай, терезедеги *кара парданы* көрөт. *Кара парда* – жеке автордук квазисимвол. Кыргыз менталитетинде арзышкандардын ажырашуусу *ак жүз аарчы* берүү менен аяктайт. Ырдагы *жашыл, кызыл, сары* жана *кызыл пардалар* – арзуу лирикасындагы квазисимволдор.

Аталган акындын *«Күзгү жалбыректар»* аттуу ырында да өң-түс сөздөрү квазисимволдук милдет аткарышат.

Даректын бутагынан тыным албай,
Күбүлөт *кызыл,*
көгүш,
саргыч суроо…
Сан түрлүү:
Жашыл,
кызгылт,
күлгүн,
актай.
Кайсалап кай бирлери конот чаңга.
Кай бири калталаңдап учат аңга.
Кыпкызыл кыла салат бир заматта
Конгондой *апакай алаканга.*
Боз чалып мунарыктап,
талаа жактар.
Салгандай сыдыргыга *купкуу шактар* [13, 105 б.].

Ырда ар кыл түстөгү денотаттар бар: *кыроо, күн, даректын бутагы, чаң, аң, алакан, боз, талаа, мунарык, сыдыргы, шак.* Лирикалык каарман күзүндөгү даректын бутагынан күбүлгөн *кызыл, көгүш* жана *саргыч жалбыректарды* «белгисиздик» катары кабылдап, түрдүү эмоцияларды башынан кечирет. *Жашыл, кызгылт, күлгүн, актай* сандаган жалбыректар - кыш мезгилинен жазылган каттар – квазисимволдор. Талааларга мунарыктаган *боз* түшүп, шактардын *купкуу* тартышы жогорку ойлорду дагы бир ирет далилдеп, реципиентке басмырт маанай тартуулайт.

Т.Кожомбердиев чыгармачылыгында жаз жана күз темаларына көп кайрылган. Акын аталган ырын сүртүмдөргө бай жылуу жана табыгый түстөрдү чеберчилик менен пайдаланып, реалдуу жана виртуалдуу кабылдоо аркылуу жараткан. Күз – акындын сүйгөн маалы. Чыгарма адабий багыты боюнча романтикалуу маанайдагы реализмге ыктайт, түрү боюнча – лирика, жанры – жаратылыш тууралуу лирикалык ыр. Ырда проблема коюлбайт, автор тек гана күз көрүнүшүнө тамшанып, болмушту даана сүрөттөйт. Ырдын идеясы – табигаттын түркүн түстүү керемет маалына суктанууга чакыруу. Пафосу – ар бир адам ажайып күз маалын

көргөндө, акын башынан кечирген сезимдерге кабылат жана ал көрбөгөн түс гаммаларын байкайт, аларга таасирленет, ал эми окуганда, анын кыялында ар кыл эмоциялар (уртурумдук реакциялар), ыракаттуу маанай (настроение) жана ата мекенди сүйүү, коргоо, сактоо жана кийинки муунга ушул таризинде өткөрүп берүү сезими (чувство) жаралат. Ырдын темасы актуалдуу жана ал реципиентти ар дайым философиялык ойлорга жетелеп турат.

Элге бербей
Жүрөктүн аккан терин,
Бир кубантпай тууган элин,
Жемиш бербей,
Жашыл бойдон
өлгөн өлүм: - Өлүм!
… Күзгү өмүрдө
Ар секунд – кызыл алма.
күзгү өмүрдө
Ар секунд – жашыл пальма.
Сары жалбырак –
Өлүмдөн телеграмма [13, 10].

Жогорку ат коюлбаган ырда адамзатты бушайман кылган табыгый турмуштук терең, жандуу философиялык ой жатат. Ыр ушул таптагы демографиялык кризисти - өнүккөн өлкөлөрдүн биринчи проблемасын белгилүү даражада эске салат. Акын тукум калтырбай, *жашыл* бойдон (алибетте, биринчи кезекте табыгый, экинчи кезекте аң-сезимдүү түрдө) өтүүнү – өлүм, күзгү өмүрдүн (сары түстүн фонунда) ар секундунун кымбаттыгын *кызыл алма, жашыл пальма* катары эсептейт. Ал эми *сары жалбырак* (өмүрдүн күзү) – өлүмдөн келген кабар. Ырдын текстиндеги *жашыл, кызыл алма* жана *сары жалбырак квазисимволдору* (метафоралар) көркөмдүктү арттырат, мазмундун бүтүндүгүн кармап турат. Демек, адам өмүрүнүн этаптары *жашыл, кызыл* жана *сары* түстөрдүн квазисимволдору аркылуу вербалдашат. Продуценттин реалдуу турмуштук тажрыйбасынан жана кыялый ойлорунан жаралган миниатюра таризиндеги эпизод (ыр) реципиентти ар кыл ойлорго жетелейт, кайгыртат, бушайман кылат. Акындын *«Жашыл бойдон калгандар»* аттуу ырында баласыз жеңелеринин аянычтуу тагдырлары чагылдырылып, чыгарма *«Дайым менде аянычты туудурат//Жемиш бербей жашыл бойдон калгандар»* - деген санаркоо саптары менен аяктайт. [13, 48 б].

В. Н. Телия тилдик символикага төмөнкү лексикалык бирдиктерди да кошот: «Думается, что к языковой символике относятся смыслы таких словозначений, как *путь* ‘этапы жизнедеятельности’, *черный* ‘психологически и жизненно тяжелый’ *(черные дни)* или ‘злодейски агрессивный» *(черная зависть)*» [8, 243 б]. Путь - направление деятельности, направление развития чего-н., образ действий, жизни. *Мы повернули середняка на путь социализма* [Сталин; https://studfile.net/preview/9347265/].

Жол лексемасы - кыргыз тилинде 7 семаны туюнткан полисемант [14, 515-516 бб.]. Ошолордун башында турган «катташуу тилкеси» компонентинин коннотациясы бир катар тилдерде квазисимволдук функция аткарат.

Ушул жерге М.Элебаевдин «Узак жол» жана Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» аттуу повесттериндеги *жол* концептин кыстара кетүү оң.

Биринчи жана үчүнчү контексттерде *жол* – өмүрдү туюндурса,, экинчисинде – адамзаттын жолун (С. Жигитов), өмүр жолун (К. Асаналиев) вербалдаштырат. Саманчынын жолу – көп катмарлуу символ, метафора. Ал адамзаттын, коомдун тарыхы, тагдыры.

Белгилүү кыргыз акыны С.Жигитовдун *«Өткөн бир күн эске түшүп…»* аттуу ырынан темага тиешелүү бир куплетти мисалга тарталы.

Жолдор, жолдор,
Жаркын жолдор,
үстүңөрдү чаңдатып
басып жүргөн,
басып жүргөн,
баа жетпеген зор бакыт! [15, 36 б].

Кайгылуу окуяны эскерүү таризинде жазылган бул ырдагы *жол* лексемасы башкы семаны туюнтканы менен, ошол эле мезгилде коннотациядан азыктанган квазисимволду камтып турат. Бул саптар - ичер суусу түгөнүп, кан тамырларынын кагышы улам солгундап, акыркы көз ирмемдери гана калган эненин жарык дүйнө менен коштошуу маалындагы ички монологунун бир эпизоду. Ырдагы сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын улам кайталанышы *жол* квазисимволунун таасирин күчөтүп барат.

Кыргыз фольклорундагы *«мен булбул бакта сайраган, сен кызыл гүл жайнаган»* - деген саптардагы *кызыл гүл* (селки) сөз айкашынын денотаты квазисимволдук функция аткарган.

Буга Барпы Алыкуловдун *«Гөзел кыз»* аттуу ырынан төрт сап келтирели:

Белегим - кызыл гүлүм бар
Бериш үчүн болдум зар.
Тартуум - кызыл гүлүм бар
Тапшырыш үчүн болдум зар [16, 33 б] – аттуу саптары - кызыл гүлдүн квазисимволдук семасына ачык күбө. Биз кызыл түс – арзуу символу тууралуу атайын макала жазып, ушул илимий журналга жарыялаганбыз [17]. *Гүлдөр* ар дайым өзүңө, жашооңо, досторуңа, ата-энеңе же романтикалык сезимдериңге болгон сүйүүңү символдоштурат. Аларга *мандалак, атыр гүл, гвоздика, пион* жана *хризантема* кирет. Совет мезгилинде уландын арзып калган селкисине арзуу белгиси катары кызыл түстөгү гүлдү тартуулашы аталган денотатты арзуу символуна айлантты. Белгилүү жазуучу Ч.Айтматовдун «Кызыл алма» аңгемесиндеги атташ денотат да - кыз-жигиттин арзуусундагы квазисимвол - кыргыз элдик маданиятына ушул аңгеме аркылуу кирди. Т.Кожомбердиевдин «Кызыл алма» аттуу ырында энеси аскер кызматындагы уулуна жиберген денотат транцформацияланып, ыйык мекенди жана эне сүтүн туюнткан квазисимвол катары кызмат кылат.

Ак шиңгил манжаң менен үзүп бактан
Салыпсың *кызыл алма* алыс жактан.
Мас болдум. Эңгиредим кулак тунуп,
Матырдым тиштеримди көзүм жумуп.

Унутулбас ыйык жер «Мекен» аттуу
Ал жерден таш келсе да ширин, таттуу.

Каңшаардан аралады тааныш түтүн
Көлкүлдөп эрип кетти денем бүтүн
Унутууга мүмкүн эмес эне сүтүн [13, 38-39 бб.].

Т. Кожомбердиевдин «Таңкы симфония» аттуу ырында: *«Салбырайт жүрөгүмдүн бутагынан//Кыпкызыл жыт аңкыткан, назик ырлар*» [13, 35 б] – деген саптар кезигет. «Түс + жыт» синестезиялык кубулушу кыргыз поэзиясы үчүн жаңылык эмес. Белгилуу кыргыз төкмө акыны Барпы Алыкуловдун *«Кош алма»* аттуу ырындагы: Кышында ызгаар жетпеген//*Кырмызы жыты* кетпеген// Кыздардын *кызыл алмасын//*Кызыгып жүргөн Барпы акын//Кантип ырга салбасын [16, 95 б] - деген саптарында кездешкен *кырмызы жыты* кетпеген//кыздардын *кызыл алмасы* – синестезиялык кубулушу жолугат [17, 90 б]. *Кыпкызыл жыт ... ырлар* - автордук синестезия.

Т. Кожомбердиев *«Гүлдүү шамал»* аттуу ырынын аталышындагы *гүлдүү шамал* сөз айкашы кадыресе окуучуга бир топ бөтөн сезилет.

Күүгүм тарткан токойдун кучагынан
Гүлдүн жыты шамалда келет агып.

Кырман жактан, кыядан төмөн түшүп,
Кызыл шамал кылыктуу келет сүзүп,
Күлмүңдөгөн селкиге бериш үчүн
Гүлдүн жытын акырын алдым үзүп [13, 153 б].

Биз талдоого тарткан аталган ырда ачык түрдө түстү туюнткан *кызыл* гана сөзү бар. Бирок ырдын куралышына ар кыл түстөгү денотаттар катышат: *от, булут, гүл, кырман, кыя, селки.* Лирикалык каарман айлананы караңгы басып, элдин алды катуу уйкуга киргенде, сүйгөн селкисине жолугууга барат. Ар түрдүү гүл өскөн токойдон шамал гүлдөрдүн жытын алып, кызыл кырман жактагы кыядан кылыктанып *кызыл шамал* (ашыктык шамалы) болуп келет. Каарман *кызыл шамалдан* сүйгөнүнө бериш үчүн андан гүлдүн жытын акырын үзүп алат. *Кызыл шамал, гүлдүн жытын акырын үзүп алуу* – ашыктыкты чагылдырган метафоралар, автордук табылгалар.

Жогорку ырда *кызыл* лексемасы катышкан *кызыл шамал* деген бир эле сөз айкашы бар. Реципиентти *кызыл шамал* сөз айкашы бир топ бушайман кылгындыктан, биз алгач табыгый кубулуштун бири – шамалдын түсүнө көңүл бураалы. Албетте, шамалдын табыгый түсү жок, анткени ал – абанын гана катуу ылдамдыктагы кыймылы. Жердин шартына жараша табиятта ар кыл түстөгү шамал болушу мүмкүн: кар бүртүктөрүн учурган *ак шамал,* сары кум менен сары чаңды учурган *сары шамал*, суу бүртүкчөлөрүн учурган *көгүш-боз шамал*, жошо менен кызыл кумду учурган *кызыл шамал*, айланага *боз* түшүш тургандагы *боз шамал.* Демек, күн батып же чыгып баратканда шамал жерден чаңды, асмандан булуттарды катуу кыймылга келтиргенине жараша ал ар түрдүү түс алат: *кызыл, сары кызыл, сары* ж.б.

Түстүү шамал бегилүү акын Омор Султановдун поэзиясында да кезигет.

Кыймылдан кыйма-чийме тынчы кеткен
Көл соңу *көк шамалдуу* Балыкчыдан [19, 16].
Сары суук, сары шамал Ысык-Көлдө
Чыйрыгып толкундар да майдаланат [19, 17].

Алымкул Үсөнбаевдин ырында: *«Капчыгай толуп суу келген//Закым шамал, сары жел»* - [20, 11] – деген саптар түстүү шамалдын (желдин) башаты бир топ алыс экенинен кабар берет.

Кыргыз тилинде коннотациялардын негизинде жаралган түс символдору жана түс квазисимволдору кыргыз акындарынын чыгармаларында кеңири жолугуп, алар реципиенттин көркөм дүйнөсүндөгү ар кыл эмоцияларды, маанайларды жана сезимдерди шарттайт.

Табиятынан маданий көрүнүш катары бааланган коннотация лингвомаданий коомчулуктагы жалпы реалдуулук жөнүндөгү идеяларды чагылдырат. Макаладагы жыйынтыктар адабий-көркөм чыгармалардагы символдорду жана квазисимволдорду ар тараптан иликтөөгө жана аларды орто, кесиптик жана жогорку окуу жайларында окутууга жардам берет.

АДАБИЯТТАР

1. Маслова В.А. **Современные направления в лингвистике**. — М.: Академия, 2007. — 272 с.
2. Лосев А.Ф. **Проблемы символа и реалистическое искусство**. — М.: Искусство, 1976. — 367 с.
3. **Философский энциклопедический словарь**. — М.: Советская энциклопедия, 1983. — 840 с.
4. Лосев А.Ф. **Философия. Мифология. Культура**. — М.: Политиздат, 1991. — 525 с.
5. Баешко Л.С., Гордиенко А.Н., Гордиенко А.Н. **Энциклопедия**. — М.: Эксмо, 2007. — 304 с.
6. Тресиддер Джек. **Словарь символов**. — М.: Гранд, Фаир-пресс, 2001. — 444 с.
7. Бочкарев А.Е. **Семантика. Основной лексикон**. — Нижний Новгород, 2014. — 320 с.
8. Телия В.Н. **Русская фразеология. Семантический, прагматический и лингвокультурологический аспекты**. — М.: Школа «Языки русской культуры», 1996. — 288 с.
9. Апресян Ю.Д. Коннотации как часть прагматики слова // Апресян Ю.Д. **Избранные труды**: в 2 т. Т. 2: Интегральное описание языков и системная лексикография. — М., 1996. — С. 156–177.
10. Токарев Г.В. Формирование квазисимволов на базе коннотаций значений вербальных единиц // **Вестник Балтийского федерального университета им. И. Канта. Серия: Филология, педагогика, психология**. — 2020. — № 3. — С. 5–13.
11. Саматов К. **Түс лексикасы: семантика, стилистика, статистика**. — Б.: Улуу Тоолор, 1-том, 2021. — 280 б.
12. Саматов К. **Түс лексикасы: семантика, стилистика, статистика**. — Б.: Улуу Тоолор, 2-том, 2021. — 240 б.
13. Кожомбердиев Т. **От өчпөгөн коломто: Ырлар ж-а поэмалар**. — Б.: Адабият, 1991. — 384 б.
14. **Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Биринчи бөлүк**. — Б.: Полиграфбумресурсы, 2019. — 800 б.
15. Жигитов С. **Жаңырык. Ырлар, поэмалар**. — Б.: Успех и Процветание, 2005. — 152 б.
16. Үсөнбаев Алымкул. **Тандалган чыгармаларынын бир томдугу**. — Фрунзе, Кыргызстан, 1973. — 581 б.
17. Саматов К. Кызыл түс – арзуу символу // **И.Арабаев атын. КМУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш, II бөлүк**. — 2018. — С. 14–18.
18. Саматов К. Көркөм чыгармалардагы синестезиялык метафоралар // **Вестник КРСУ**. — 2019. — Т. — № 2. — С. 90.
19. Султанов О. **Аралдар арасында. Ырлар, поэмалар**. — Ф.: Кыргызстан, 1976. — 156 б.
20. Алыкулов Барпы. **Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы**. — Ф.: Кыргызстан, 1970. — 288 б.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, профессор Садыкова С.З.